**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин отурумунун**

№3 ПРОТОКОЛУ

28.11.25 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: э.и.к., доц. А.Базиева
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: Маматова Р.

Катышкандар: ФОМК мүчөлөрү, факультеттин редакциялык-басма иштерине жооптуу(РИСО), кафедра башчылары

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:

1. Сабактарга катышуу
2. Студенттердин калдык билими жана баштапкы билим денгээлине мониторинг графигин түзүү
3. ПО курамдын окутуп жаткан дисциплиналарына квалификациясынын дал келишине мониторинг жүргүзүү
4. Окутуучулардын окуу, окуу-усулдук эмгектеринин ылайыктуулугун аныктоо менен басмага сунуштоону жүргүзүү
5. Ар түрдүү

Эл аралык медицина факультетинин окуу-методикалык кеңешинин төрайымы доцент А.Базиева күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

Угулду:

1. ФОМКнын ар бир кафедранын мүчөлөрү сабактарга өз ара катышуунун абалы боюнча маалымат беришти.

Талкуу:

Талкууга декандын орун басарлары, каф.башчылары, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар катышып, бул маселе боюнча кафедра башчылары доц. Джолдубаев, Миталипова А. өз сунуш, пикирлерин айтышты.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2025-2026 – окуу жылына карата Силлабустарды, ДОМКларды талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши 1-маселе боюнча төмөнкүдөй

**ТОКТОМ кылат:**

1. **2025-2026 –окуу жылында өз ара сабака катышуу иштери күчөтүлсүн, аз ара катышуу кафедрада бекитилген графикке ылайык, протоколдору жана баалоо баракчалары ОшМУнун жоболоруна ылайык жүргүзүлсүн жана ОМИ жооптуулардын көзөмөлүнө алынсын.**

2. Экинчи маселе боюнча сөзгө эл аралык медицина факультетинин ОМК төрайымы чыкты. Ал студенттердин калдык билимин текшерүү жана базалык билимди диагностикалоо графиги окуу процессинин графигине байланыштуу пландан мурда, 20-октябрда бекитилгенин , жана өткөрүлгөнүн айтты. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен тааныштырып, анализин берди: “ Эл аралык медицина факультетинин 2025–2026-окуу жылына карата 1-курс студенттеринин билим деңгээлин аныктоо боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарына таянып, төмөнкүдөй сунуштар киргизилет: Диагностикалык тесттердин жыйынтыктары айрым агымдарда (айрыкча GM1-1, GM 2-2) студенттердин билим деңгээли төмөн экенин көрсөткөндүгүнө байланыштуу окутуу процесси дифференциалдуу иштөөнү талап кылат. Төмөн көрсөткөн агымдар менен кошумча иш жүргүзүү: консультациялар, практикалык сабактар жана индивидуалдуу колдоо уюштурулсун; Темаларды түшүндүрүүдө визуалдык жана интерактивдүү ыкмалар көбүрөөк колдонулсун. Билим сапатын жогорулатуу боюнча системалуу иш жүргүзүү: окутуу процессинде өз ара баалоо, топтук иш жана студенттик активдүүлүктү арттыруу; тест суроолорунун мазмунун жана форматын анализдеп, андан ары оптималдаштыруу. Онлайн окуу курстарын иштеп чыгуусу, ОшМУнун МООС сайтына жүктөөлүүсү күчөтүлсүн.”

Кенешменин катышуучулары жогорудагы маселени угуп жана талкулашып, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты

**ТОКТОМ:**

**2. Доцент Базиеванын 2025-2026 –окуу жылында өткөрүлгөн калдык билимди текшерүү жана базалык билимди диагностикалоо иштери боюнча маалымат кабыл алынсын. Жыйынтыктары кафедраларда талкууланып, НББПга ылайык ОН жана компетенцияларды калыптандыруу үчүн ДОМКларга жакшыртуулар киргизилсин. Аткаруу жагы кафедра башчыларына жүктөлсүн жана отчету берилсин. Аткаруу мөөнөтү – 1-март 2026-ж. чейин.**

3. ПО курамдын окутуп жаткан дисциплиналарына квалификациясынын дал келишине мониторинг жүргүзүү боюнча кафедралардын ОМИге жооптулар маалымат беришти. Ар бир кафедранын штаттык жадыбалы бекитилгени, жана ар бир окутуучунун адистиги туура келгени маалымдалды. Факультеттин эл аралык багыты эске алынып, англис тилин билүү жагы да маанилуу экени айтылды.

Кенешменин катышуучулары жогорудагы маселени угуп жана талкулашып, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты

**ТОКТОМ:**

**3. ОМИ жооптуулары берген маалыматы кафедра башчыларынын көңүлүнө алынсын. Квалификациясы жогору кадрларды ишке тартуу жагы күчөтүлсүн.**

4. Окутуучулардын окуу, окуу-усулдук эмгектеринин ылайыктуулугун аныктоо менен басмага сунуштоону жүргүзүү боюнча ФОМК төрайымы келген эмгек боюнча маалымат берди.

“Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен” кафедрасынын окутуучулары Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З.,Маматкулова Н.М., жана Даутов Т.Т. тарабынан жазылган **«Teaching and methodological guide for intestinal infections» аттуу окуу-методикалык колдонмосу жана «Workbook for practical classes on the discipline: infectious diseases» аттуу жумушчу дептерди** Окумуштуулар Кеңешине кароого сунуштоо

**Угулду** :

**4. “Коомдук саламаттыкты сактоо жана далилдуу медицина” кафедрасынын** окутуучулары м.и.к. Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З., PhD Маматкулова Н.М. жана Даутов Т.Т. тарабынан даярдалган **«Teaching and methodological guide for intestinal infections» аттуу окуу-методикалык колдонмосун жана «Workbook for practical classes on the discipline: infectious diseases» аттуу жумушчу дептердин** жазылгандыгын, ошондой эле сырткы рецензент ОшМУнун медицина факультетинин “Эпидимиология, микробилогия жугуштуу оорулар курсу менен” кафедрасынын доценти м.и.к. Мурзакулова А.Б. окуу-методикалык комплекске жана жумушчу дептерге оң сын пикирлерин бергендигин билдирди.

**Жарыш сөзгө чыккандар**: м.и.к., доценттер Абдирасилова Ж., Бугубаева М., б.и.к., доцент А.А. Момунова, PhD Жумаева Л. жарыш сөзгө чыгып, ой -пикирин билдирип басмадан чыгарууга сунушташты.

Рецензенттердин пикирин эске алуу менен ФОМК мүчөлөрү окуу-усулдук куралды басмага чыгарууга сунуш беришти жана төмөндөгүдөй ТОКТОМ кабыл алышты :

**ТОКТОМ:**

4. Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасынын окутуучулары Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З.,Маматкулова Н.М., жана Даутов Т.Т. тарабынан жазылган **«Teaching and methodological guide for intestinal infections» аттуу окуу-методикалык колдонмосун жана «Workbook for practical classes on the discipline: infectious diseases» аттуу жумушчу дептерди** Окумуштуулар Кеңешине кароого коюлуп, жарыкка чыгарууга сунушталсын.

**Окуу-усулдук кеңешинин төрайымы :** доц. А.Базиева

**Катчы :** Р.Маматова